# Балаңыз рэкетчи болсо, эмне кылуу керек ?

- Бала менен анын кылык-жоруктары жөнүндө сүйлөшүп көрүңүз
- Балаңызга чектөөлөрдү коюңуз.Эмнени жасап,эмнени жасабоону бала билиш керек.
- Өзгө адамдардын сезимдери тууралу сүйлөшкүлө.
- Балага жакшы үлгү көрсөтүңүз
- Өзү капаланткан бала менен сүйлөшүп, кечирим суроосуна, ошол эле учурда өз беделин түшүрүп албоосуна жардам бергиле
- Баланын мектептеги жүрүм-турумун көзөмөлдөө керек.
- Классташтары менен мамилеси түз болушуна салым кошуңуз.
- Баланын кичинекей жетишкендигин да мактаңыз жана көп убакыт бөлүңүз

**Керек болгондо,атайын адистерге жардамга кайрылыңыз.**

# Мүнөзү оор балдарына ата-энелер кандай мамиле кылуулары керек

Ашкере тыюуларды, жазаларды колдонбогула

Аңдап-билүүгө кызыгуусун өөрчүткүлө

Аңгемелешкиле,түшүндүргүлө, бирок эч кандай шарт коюу болбосун

Жүрүм-турумундагы кичинекей өзгөрүүнү да байкоого алгыла

Өспүрүмдүн күчтүү жактарын, оң касиеттерин таап, ишеним бергиле.

Бала менен катаал сөздөрдү колдонбой, жай сүйлөшүүгө аракет кылгыла.

# 6.Баланы уруп-согууга болбойт,

анткени Бул : балага зомбулукту үйрөтөт. Ар бир бала үчүн зарыл мүмкүнчүлүктөн-өзүнүн сүйүктүү экенин сезүү ишениминен ажыратат.Өзү кичинесинде таяк жеген чоңдор гана балдарын сабашат. Жазалоонун бул түрү балага : “Мен жакшы бол деп гана сабап жатам” - деген карама-каршылыктуу далилдерге ишенүүгө көнүктүрөт. Баланын мээси бул маалыматты сактап калат . Бул өч алууга түрткү берип, ал каалоо көмүскөдө калганы менен , кийинчерээк баары бир ачыкка чыгат.Бүл өзүнүн жана башкалардын азап чегүүлөрүнө болгон кабылдоо сезимин мокотуп,баланын өзүн жана башкаларды таанып билүү жөндөмүн чектеп коёт.

